Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок

Самура бин Жундуб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таалага эң сүйүктүү сөздөр төртөө экенин баяндап жатат. Субханаллах: Аллах Тааланы бардык кемчиликтен аруулоону түшүндүрөт. Алхамдулиллах: Аллах Тааланы жакшы көрүү жана Аны улуулоо менен Анын толук, кемчиликсиз экенин сыпаттоо. Лаа илааха Иллаллах: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Аллаху Акбар: Бардык нерседен эң урматтуу, эң улуу жана эң кадырлуу. Бул сөздөрдүн пазилетин жана сообун алуу үчүн аларды тартиби менен айтуу талап кылынбайт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5475